**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**
**жана**
**ИСХАК РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШТЫК КЕЛИШИМИ**

## МАКСАТ
### 1-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети бул Келишимдин алкагында эки университеттин ортосундагы өз ара кызматташуу жана тыгыз байланышты өркүндөтүү максатында таалим–тарбия жана билим берүү тармагында төмөндөгү чечимдерди кабыл алышты.

## ТАРАПТАР
### 2-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети келишимдин Тараптары болуп саналат.

## МАЗМУНУ
### 3-БЕРЕНЕ

Тараптар эки университеттин окутуучуларын, изденүүчүлөрүн, изилдөөчүлөрүн, студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды алмашуу боюнча иш жүргүзүшөт.

### 4-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий байланыштарды чыңдоо максатында орток изилдөө проблемаларын аныктоо менен бул проблемаларга багытталган долбоорлорду даярдап, ишке ашырышат.

### 5-БЕРЕНЕ

Тараптар өткөрө турган илимий жана маданий иш-чаралары (илимий-практикалык конференция, симпозиум, тегерек стол, семинар, студенттик олимпиадалар ж.б.у.с.) жөнүндө маалымат менен алмашып турушат жана бул өңдүү иш-чараларды биргелешип уюштурушат.

### 6-БЕРЕНЕ

Тараптар эл аралык байланыштар жана кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бири-бирин маалымдашат жана бул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланууда бири-бирине көмөк көрсөтүшөт.

### 7-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий монография, аналитикалык билдирүүлөр, периодикалык жана башка түрдүү басылмалар, электрондук булактар менен алмашып турушат.

### 8-БЕРЕНЕ

Тараптар туризм жаатындагы акыркы өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөрдү бири бири менен бөлүшүүгө милдеттенишет.

**9-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин алкагындагы программаны ишке ашыруу этаптарында Тараптар тарабынан ар бир программа үчүн өзүнчө келишимдер түзүлөт. Бул келишимдеги иш чаралар боюнча атайын программалар түзүлүп, аны ишке ашыруу максатында керектүү документтердин болушу зарыл.

**10-БЕРЕНЕ**

Келишимдин алкагындагы иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөгөн ар бир Тараптан жооптуу жетекчилер бекитилип, илимий-экономикалык талаптарга туура келиши зарыл. Долбоорго катышкан илимпоздордун илимий укугу чектелбестен, орток изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эки тараптан тең биргелешип, адилеттүү жүргүзүлүшү керек.

**11-БЕРЕНЕ**

Келишимдеги чечимдерди аткаруу процессинде тараптар өздөрүнүн мамлекеттик мыйзамдарынын чегинде иш алып барат. Жогоруда белгиленген иш чаралардын бардык түрлөрү мамлекеттердин мыйзамдарына туура келиши зарыл.

**12-БЕРЕНЕ**

Бул Келишим кыргыз тилинде 2 (эки) нускада даярдалып, эки мекеменин жетекчилери тарабынан кол коюлган күндөн баштап өз күчүнө кирет. Тараптар бири-бирине 6 (алты) ай мурун жазуу жүзүндө билдирүү менен бул келишимди жокко чыгара алышат.

Келишимдин алкагында башталган иш-чараларга келишим күчүн жоготкон учурда деле бул иш-чаралар аягына чейин чыккыча жооптуулар жоопкерчилигин өз мойнуна алат.

**ИШКЕ АШЫРУУ**

**13-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин аткарылышына Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректорлугу жана Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ректору жооптуу болуп саналат.

Күнү: 27/ 03/ 2025

| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин атынан | | Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин атынан |
|---|---|---|
| **Ибраев А.О.** Биринчи проректор | **Алпаслан Жейлан** Ректор | **Чыныбаев М.К.** Ректор |